**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин “Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин бекитүү жөнүндө” 2024-жылдын 17-декабрындагы № 01-25/342 буйругу чыкты**

“Аксакалдар соттору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 4-беренесинин 3-бөлүгүндөгү аксакалдар соттору аткаруучу милдеттерди жана функцияларды жүзөгө ашыруу жол-жоболору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары - Министрлер Кабинетинин) бекитүүчү Аксакалдар сотторунун типтүү регламентинин негизинде жергиликтүү кеңеш кабыл алуучу аксакалдар сотунун регламентинин негизинде жүргүзүлөт деп белгиленген.

Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 14-августундагы № 471 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтому менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигине (мындан ары – Агенттик) Министрлер Кабинетинин Аксакалдар сотунун Типтүү регламентин бекитүү укугу өткөрүлүп берилген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Агенттиктин “Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин бекитүү жөнүндө” буйругу чыкты. Типтүү регламент 8 бөлүктөн (жалпы жоболор, ишти (материалды) кароого даярдоо, ишти (материалды) кароосунун тартиби, аксакалдар сотунун чечим чыгаруусу, аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануунун жана аларды аткаруунун тартиби, аксакалдар сотторунун башка органдар менен өз ара мамилеси, аксакалдар сотторунун ишин каржылоо, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана аксакалдар сотторунун отчеттуулугу жана документтерди сактоо турат.

Бул буйрук Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилет жана ченемдик укуктук акты болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары эки айлык мөөнөттө ушул Типтүү регламенттин негизинде тиешелүү шаарлардагы, айыл аймактарындагы аксакалдар сотторунун регламентинин долбоорлорун иштеп чыгып, жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актысы менен бекитүү керек.

Агенттик, аксакалдар сотторунун ишмердигинин укуктук негизин өркүндөтүү боюнча максаттуу жана системалуу иштерди жүргүзүп жаткандыгын маалымат иретинде белгилей кетмекчибиз.

Агенттиктин көп жылдык эмгегинин натыйжасында “Аксакалдар соттору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (жаңы редакциясы) кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине аксакалдар сотторунун ишин камсыз кылуу жергиликтүү бюджеттен чыгашалар жүзөгө ашырылуучу иш-чаралардын тизмегине киргизилди. Аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануу маселесин жөнгө салуу боюнча “Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыгып, коомдук талкууга коюлуп, макулдашуу процедурасынан өтүп жатат.

Быйылкы жылы Агенттик менен “Укук булагы” долбоору ишке ашырып жаткан USAIDдин Ист-Вест менеджмент институтунун Кыргыз Республикасындагы филиалынын (мындан ары – “Укук булагы” долбоору) ортосунда Кыргыз Республикасында аксакалдар соттору институтун өнүктүрүүгө багытталган, өз ара кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлду. Меморандумду ишке ашыруу боюнча 2024–2025-жылдарга Иш-чаралардын планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) бекитилди.

Иш-чаралар планына ылайык аксакалдар соттору институтун мындан ары өнүктүрүү максатында пилоттук аксакалдар сотторун тандап алуу боюнча конкурс жарыяланды. Конкурстун жыйынтыгы менен республика боюнча 16 пилоттук аксакалдар соттору тандалып алынат:

Баткен облусу – 2;
Ош облусу – 2;
Жалал-Абад облусу – 2;
Талас облусу – 2;
Чүй облусу – 2;
Ысык-Көл облусу – 2;
Нарын облусу – 2;
Бишкек шаары – 1;
Ош шаары – 1.

Тандалып алынган пилоттук аксакалдар сотторуна “Укук булагы” долбоору ЖӨБ аткаруу органдары (айыл өкмөттөрү, мэриялар) аркылуу, жалпы суммасы 42 000 АКШ долларын түзгөн материалдык жана техникалык колдоо көрсөтөт (мебелдер, компьютерлер ж.б.).

“Укук булагы” долбоорунун көмөктөшүүсү менен “Аксакалдар сотторунун кеңештери жөнүндө жобону бекитүү туралуу” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыгып, макулдашууга жөнөтүүгө даярдалууда. Аксакалдар сотторунун кеңештери коомдук башталышта иштеген аксакалдар сотторунун ишмердигин координациялоочу консультациялык-координациялык орган болмокчу. Алардын негизги милдеттеринин бири – аксакалдар сотторунун кызыкчылыгын коргоо болуп саналмакчы.

Аксакалдар сотторунун Типтүү регламенти дагы “Укук булагы” долбоорунун көмөктөшүүсү менен иштелип чыгып, бекитилгендигин белгилей кетмекчибиз.

Иш-чаралар планында 2025-жылы аксакалдар соттору үчүн колдонмо китебин иштеп чыгуу каралган. Колдонмо китепте “Аксакалдар соттору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ар бир беренесин кандайча колдонуу керектиги тууралуу комментарий менен коштолуп, аксакалдар сотторун түзүү, ишмердигин уюштуруу, окутуу, тажрыйба алмашуу, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара кызматташуу жана башка маселелер боюнча усулдук жана практикалык кеп-кеңештер камтылып, аксакалдар сотторуна тиешелүү болгон ченемдик укуктук актылар, усулдук колдонмолор бир китепке топтолмокчу. Буюрса, ал китеп ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана аксакалдар соттору үчүн абдан керектүү китептерден болгудай кылып чыгарылат деген ишенимдебиз.